жаш калем
жаш калем
жаш калем
жаш калем

Рысбек Батырбашев

АК-МОНЧОК



Рысбек Батырбашев

АК МОНЧОК

АҢГЕМЕЛЕР

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1980

84 Ки 7
Б 28

Жаштар үчүн

Батырбашев Рысбек.

Б 28 Ак мончок: Аңгемелер. Жаштар үчүн. — Ф.: Мектеп, 1980.—44 б.

Жаш калемдин бул жыйнагына топтолгон аңгемелердин тематикасы ар кыл Аңгемелерде бет алган максатка туруктуулук менен умтулуу, жаратылышты коргоо, терең сүйүү чагылдырылган.

Б $\frac{70700-106}{M\ 452(17)-80}$ 216—80.4702280200 С(Кирг)2
ББК 84 Ки 7

© «Мектеп» басмасы 1980-жыл

ЖОЛ

Алдыда жол.
Алдыда чөл.
Кабинада эки жоокер. Мамат менен Алым.

Алым рулда. Анын жоокердик наамы кенже сержант. Чарчы бойлуу, тууралжын. Бүркүт тумшугуна төп келишкен ипичке кара муруту бар. Күлгөндө аппак сыйда тиштери ажарын ачкан сулуу жигит. Мүнөзү да шайыр. Мамат анын кабак түйгөнүн дегеле көргөн эмес. Качан болсо тамашөкөй. Жоокерлер да аны жакшы көрүшөт. Алымдын аскердик милдети бүтөөрүнө бир гана ай калды.

Мамат болсо жаш жоокер. Армияга келгенине жарым гана жыл болду. Келген күндөн баштап Алымга көзү түшкөн. Анын ажарлуу жүзү, жоокерлердин арасындагы кадыр-баркы тымызын суктандырчу. Анда Мамат армияга жаңы келип, айылын, ата-энесин көп эстеп, куса болуп, чүнчүп жүргөн кези болчу. Алымдын жаркырап-жайнап жүргөнүн көргөндө алдыртан таң калаар эле. «Үйүн ойлобойбу? Эмне үчүн мынчалык шайыр? Кайгырууну билбеген адамдар да болот экен ээ?» Азыр Маматтын жоокердик турмушка көнүп калган кезеги. Алгачкы кыйналуу, айылды, ата-энени ойлоп санаркоонун баары убактылуу нерсе экен. Жоокердик турмуштун өктөмү жеңген кез. Кээде үйдү ойлоого да убакыт жок. Эми Мамат Алымга адеп келгендегидей таң калып да,

суктанып да карай бербейт. Мүнөзүнө да, сөздөрүнө да үйүр алып калган чагы.

Мына ошол Алымдын кабагы азыр бүркөө. Кан тамыры барсайган карылуу колдору менен рулду мыкчый кармап, машинаны ылдам айдап бара жатты. Эрдин бекем кымтып, кабагы салыңкы. Жеке эле ал эмес Мамат да кооп санап барат. Улам-улам Алымга чочулай карап, мекчейип үнсүз катып жолдон көз албайт. Тээ алдыга, алыска көз чаптырат.

Алдыда жол. Бирок бул жолдун табияты такыр бөлөк. Муну чөлдөгү адамдар абдан жакшы билишет. Арыбери сабалап жүрүшүп чөлдөгү айрым жолдордун сырын жоокерлер да жакшы билип калышкан. Алдыдагы жол кумдуу. Буга жамгыр жаабасын. Кокустан жамгыр жааса бир заматта тизеден баткакка айланат. Жөө бассаң өтүгүң кончуна чейин кирип, ал эми машинанын дөңгөлөгү кумга чөгүп отуруп калат.

Алдыдагы жол мына ушундай.

Эки жоокер аба ырайы бузулбаса минтип кооп санашмак эмес. Демейдегидей Алым ырдап, анын тамашаларына Маматтын жарпы жазыла күлүп кете беришмек.

Аба ырайы бир жумадан бери бузулган. Анткени чөлдө жаздын башталган учуру. Кыштын суук шамалы, туруксуз ала-чапкындуу бороондору артта.

Мына, жаандын алгачкы тамчылары кабинанын маңдайкы терезесине тамчылады. Катуу жамгыр болушу мүмкүн. Муну Алым жакшы билет. Ошол үчүн анын жүзү түнөрүңкү. Кокус жамгыр катуу болсо анда алар жолдо калат. Билет бул жердеги жамгырлуу жолду! Алдыраап күнү жаздыраап дегендей бүгүн шаардан кеч чыгып калбадыбы. Анан кантет?.. Чынаранын көздөрү... Жо-ок. Чынаранын бал бал жанган көздөрүн көрмөйүнчө шаардан кете алмак эмес. Ал иштеген киоскиге бир кайрылбай кантип ротага жол тартсын?..

Бүгүн эки жоокер демейдегисиндей эле шаардын четиндеги суу чыккан жерге бирге барышты. Машинанын

цистернасын таза сууга толтурушту. Андан соң Мамат күндөгүдөй почтого кайрылды. Жоокерлерге келген каткабарларды, газета-журналдарды целлофан баштыкка салып, рюкзагына бекитти. Алым суу тарткыч жоокер. Мамат болсо ротанын почточусу. Экөө бир жумада эки жолу же үч жолу шаарга келип турушат. Алардын ротасы шаардан кырк километр алыс. Чөлдө. Кадимки чөлдө. Айлананын баары кум. Кызыл, кара күрөң, боз кумдар... Ар кайсы жерде сөксөөлдөр сороёт. Кээде далбалактап камгактар учуп калышат.

Ротага чейин шагыл төгүлгөн жол да бар. Бирок бүгүн ага Алым түшкөн эмес. Буга Чынаранын бал-бал жанган көздөрү себеп болбодубу! Убакыт өтө берди. Алым болсо төшү толгон түркүн значокторун жаркыратып киоскинин алдында тура берди. Кеткиси келген жок. Бир жумада эки-үч жолу көрүшүп турса дагы сагынычы ого бетер арта түшкөндөй. Кыздын балбылдаган көздөрү жоокерди арбап, сыйкыр күч менен өзүнө тарта байлап турду. Мындай кезде убакыттан өткөн кара ниет нерсе барбы, сааттын жебеси өлүп-талып секунддарды шыпылдатып санап жатты. Убакыт өтүп, батыш жак карая берди. Кечиккен Алым убакытты утуп, ротага тез жетүүнү көздөп, жолдун төтөсүнө салды. Шагылдуу жолду туурасынан кести. Ал бул жолду да мыкты билчү. Жакшынакай күндөрү бир эмес бир нече жолу өткөн. Ротага чейинки кырк километрдин он беш километрин кыскартканы төтө жол. Бирок жаандуу күндөрү коогалаңдуу. Нык кум жааңга тез бузулат да, тез эзилет.

Жаандын алгачкы тамчылары улам арбып, кабинанын мандайкы терезесине жабыша баштады. Алым терезе сүргүчүн иштетти. Терезе сүргүчтөр жаандын тамчыларын шыпырып таштайт, бирок тамчылар кайра чыпылдатып терезени сабайт.

Кабинанын ичинде Чынаранын жылмайып түшкөн сүрөтү жабыштырылган. Чачы ийинин жапкан кара каш, кырдач мурун ажарлуу кыз. Көздөрү сүйкүм. Ал киос-

киде сатуучу болуп иштейт. Газета-журналдарды, кооз открыткаларды, конверттерди сатат. Алым шаарга келген сайын жоокерлерге толгон-токой конверттерди, кооз открыткаларды, ручкаларды алып келип берчү. Киоскага көп кайрылып жүрүп, ал кызга таанымал болуп алды. Алардын таанышtыгы ошентип башталган.

Жаан күч алды. Шамал да күчөп, жаандын майда тамчылары бет алдыдан согуп кирди. Терезе сүргүчтөр жанталашып тамчыларды шыпырып ээ боло албай жатты.

Алгачкы жаз жамгыры катуу башталды. Айлана өзгөрдү. Кумдун өңү бузулду. Машинанын төрт дөңгөлөгү демейдегиден он эсе ылдам чимирилип, бирок жол арбыбай, машина термеле баштады. Алым өжөрлүгүнө салды. Балбан колдору менен рулду ары чимирилтип, бери чимирилтип, ансыз да боздоп бара жаткан моторду ого бетер күч алдырып газды басат. Эрди дагы бекем кымтылып, жолго сүрдүү тигиле кимдир бирөөлөргө ызырынып бара жаткандай.

Машина эми чындап чайпалып, дөңгөлөктөр чимирилип, суу кумду тээ алда кайда ыргытып, машинанын арт жагы ары-бери кыйшактай баштады.

— Адамды кара тер кысат деген ушул!

Алым бул сөздү кимге карата айтканын Мамат түшүнгөн жок. Калыбын өзгөртпөй мекчейип, кабинанын оң ыптасына ныгырыла дымырайт.

— Түш! — Күтүлбөгөн жерден Алым Маматка карап бакырып жиберди. — Эмне отурасың каның качып? Түрт! Жаның барбы, адамсыңбы?!

Мамат кабинадан учуп түштү. Машинанын артына чуркап келди да, ийини менен бар күчүн салып түртүп кирди.

Жаан кумга бир топ синип калыптыр. Мамат тайып жатты. Машина ордунан араң жылат. Мамат ордунан бир, анан эки кадам шилтеди. Жүлүнү сыздап, ийинине

темирдин катуусу өттү. Күрөө тамырлары барсайып, кызарып-татарып, жанын үрөп жатты.

Машина солкулдай баштады.

— Алы-ым! — Мамат кыйкырды.— Газды күчөтпө, дөңгөлөктөр кумга кирип баратат!!!

— Түр-үрт! — Алым Маматтын сөзүн уккан жок. Кабинанын эшигин ачып, тырмышып түртүп жаткан Маматка жаалданды. — Эй, адам кейпиндеги сөлөкөт! Түрт дейм! Түрт бекемирээк!!!

Цистернасы толтура суусу бар зор машинаны Мамат кантип түртмөк? Жан кашайып бара жаткандагы айла жоктон кылган арга эле.

Машинанын арткы дөңгөлөктөрү чимирилип, кумду эше баштады.

— Алым, дөңгөлөктөр кумга кирип кетмей болду! Өчүр моторду! Өчүр дейм!

Алым болбоду. Машинанын дөңгөлөктөрү кумга батып биротоло отуруп калганда гана моторду өчүрдү.

— Сооданын бүткөнү ушул! Адам карайлайт деген ушул! — Алым тиштенип, чоң муштуму менен кабинаны бир-эки жолу койгулап алды. Мамат анын тири шумдуктуу өңүн көрүп кетенчиктей түштү. «Бул эмнеси? Сообу»

Алым Маматтын ала-шала түшүп четте турганын көрүп, ушунун баарына жалгыз Мамат күнөөлүдөй ага атырылды:

И?! Сен эмне турасың селдейип? Жо, сен эмне турасың дейм, селдейип?! Эмне жөндөп түртпөйсүң ыя? Эмне үчүн дейм?

Мамат Алымды тааный албай турду. Анын түрүнөн чочуп да кетти. Оозуна сөз кирбей, артын көздөй бир эки кадам кандай шилтегенин да сезбеди.

Жогол! Жогол дейм бул жерден!

Мамат былк этпей гана тура берди. Эмне кылаарын да билбей калды. Алым өзүнчө күүлөндү.

— Жо, адамды неге мынчалык тер кысат дейм да! Мына мен ошого таңмын! Өмүр өтүп жатат! А бизчи?.. Ти-

гине шаарда кыз-жигиттер колтукташып жүрөт! А биз болсо момингип чөлдө тентип жүрөбүз! Түшүндүңбү? Момингип ай талаада калып отурабыз, жеттиби эми мээңе?

Мамат эс-мас болуп, шатырап жаап жаткан жамгырды унутту. Таптакыр жат дүйнөгө туш болгонсуп ою бытырады. Качан гана жамгыр моюнуна куюлуп, денеси ичиркенгенде гана машинанын ылымтасына боюн катты.

Ортодон бир топ убакыт өттү. Алым болсо кабинанын ичинде. Сигаретин үстөккө-босток соруп, каны ичине тартып отурат. Мамат эми ойлоно баштады. «Мени эмне үчүн кордойт бул? «Жогол дегени эмнеси? Чынара менен мен сүйлөштүмбү? Коогалангуу жолго мен салдымбы? Күнду да мен жаадырдымбы?» Мамат жулкуна басып, кабинанын эшигин шарт ачты. Алым кармашса кармашкысы келип кетти. Бирок Алым үнсүз. Сигаретти дембе-дем соруп, түнөрүп калган кези экен. Лам деген жок. Аны көрүп Мамат да унчуга алган жок.

Эки жоокер кабинада бир топко үнсүз отурушту. Бири-бирине сөз да катышкан жок. Тек гана мемиреп турушту.

Жаан кабинаны тырсылдатат. Алгачкы жазгы жамгыр чакалап куюп жаткансыды. Сырт жак үрүл-бүрүл көрүнөт. Жол жибип, эзилип жатты. «Эмне кылуу керек?» Маматтын эсине ушул ой тегеренди. Ротадагы жоокерлер аларды күтүп жатат. Отура берүүгө болбойт. Рота сөзсүз издөө салат. Алар такырдагы жолду кайдан эстерине алышсын. Издешсе шагылдуу жолдон издешет.

— Эмне кылабыз? — деди Мамат оо бир топтон кийин.

Бирок Алым унчукпай койду. Ал дагы кайсы бир ойлор менен алпурушуп жаткандай. Суз. Андан сөз чыкпаган соң, Маматтын шаабайы сууй түштү.

Жамгыр сабап жатты. Шамалдан улам жамгыр күч менен урат. Кабина дабырайт. Сырт уйгу-туйгу. Айлана бүдөмүк тартып, күүгүм кирип келе жаткандай.

Кеч кирип кетмек болду,— Мамат кайрадан түйшөлүп, кайрадан Алымдан сөз күттү. Алым дале үнсүз. Кимдир бирөөгө ичинен кекенип, ачуусу ашып-ташып чарт жарылып кетүүдөн өзүн-өзү зорго токтотуп тургандай.

Сен эмне эле мынча чыйпылдайсың Қана, эмне кылсак дейсиң, айтчы? — деди Алым бир оокумда көзүндөгү заардын учкундарын жашыра албай.

Жолго чыгуу керек,— деди Мамат. — Биздин бул жерде калганыбызды ким билет? Ротадагылар шагыл төгүлгөн жолдон издешип, бөөдө убара болушат. Қабар берүү керек.

— Акылын кара! Машинаны кимге таштайсың?

— Ушул бороон-чапкында бул жерге ким келмек? Машинада суудан бөлөк эмне бар? Жер тоборсугуча үч-төрт сутка өтөт, ага чейин машинаны ордунан козготуш кыйын.

— Ха! — Алым баш чайкады. — Башың жаш экен али сенин! Айткан акылын кара. Жоокер деген куралын эч качан таштабайт, сенин куралың автомат болсо меники машина! Билдиңби эми?

— Чыгарабыз да жер кургаганда. Отура берүүдөн не пайда? Болбосо мен барып кабар беремин.

— Се-енби?

— Эмне экен?

— Адашып кетсең ким жооп берет?

— Адашпаймын.

— Ха! — Алым кайрадан баш чайкады. — Сен али сары ооз балапан турбайсыңбы! Эр көкүрөктүүлүгүн көр. Сен чөлдүн сырын менден кыйын билип кетиптирсиңби? Мен деген эки жылы таптап жүрөм мына ушул кумду. Адашпайм деп коёт, тентип, житип кетээрсиң адашмак түгүл.

— Анда сен айт эмне кылышты, менин оюм ушул.

Айлана күүгүм тартып, улам түнөрүп келет.

— Жок! — Мамат чыдабай кетти.— Минтип отура бе-

рүүгө болбойт. Бөөдө ротаны убара кылабыз. Мүмкүнчүлүк барда аракет кылган жакшы, мен жолго чыгам.

— Уруксат бербесемчи?

Бул мен сержантмын деп турган сөзүң го? А менин командирим бөлөк, сержант Ставило. Мен деле билем бирдемени.

— Согуш учурунда,— деди Алым ар бир сөзүн тап-тап сүйлөп. — Сага окшогон кежир жоокерлерди, тил албагандарды атып салышчу.

Сага окшогон чечкинсиз командирлер да жаза алышчу,— деди Мамат тилин тартпай.

— Сен бала армияга келбей жатып көп корчондобо! Жаш жоокерлер улуу жоокерлерди сыйлаш керек. Баары бир куйругуң бир тутам.

Билип турам оюнду, ротага жетип барып мактанып, өзүң көрсөткүң бар. Алкыш алгың бар! Куусун көр! Биле-ем сендейлерди!

Мамат Алымдан бул сөздөрдү күтпөгөн. Андан бир-ротоло түңүлдү. Жоокерлердин кат-кабарлары салынган рюкзакты асынды да сыртка чыкты.

Шамал күч. Жамгыр бетке чаба жаайт. Мамат шинелинин жакасын көтөрүп, рюкзагын ондоп асынды. Шагыл төгүлгөн жол тарапка бет алып кадам шилтеди.

— Кайда? — Алым кыйкырып жиберди. Мамат жооп берген жок. Шинелинин этектерин шамалга далбактатып, алга басты.

— Токто! — Алым кабинадан ыргып түштү да чуркап келип Маматты ийинден апчып токтотту. — Кайда барасың?

— Ротага.

— Адашасың!

— Адашпаймын.

— Уруксат бербеймин, түшүнөсүңбү? Бас артка!

— Мага сенин уруксатыңдын эми кереги жок!

— Эмне-е!?.

Мамат ийинин жулкуп алды да басып жөнөдү.

— Токто! — Алым аны кайрадан апчып токтотту. — Командириңди оор абалда жалгыз таштап кеткендигиң үчүн жооп бересиң!

Мамат Алымдын көздөрүн карады. Алым ачуудан калчылдап турган экен. Жамгыр жаак ылдый шорголойт. Ал кара терге түшүп акактап тургандай көрүндү Маматтын көзүнө.

— Жүр анда, чогуу барабыз,— деди Мамат жай гана.

Алым кыйналды. Ара жолдо турду. Маматтын көздөрүн сурдана тиктеп, бирдеме издегенсиди. Бирок Маматтын жүзүнөн токтоолукту, бир чечимге келгендиктин белгисин көрдү.

Болуптур,— деди ал акырында. — Бирок эсиңе салып коёюн бирдеме болсо мен жооп бербеймин бала! Сен жооп бересиң! Үйгө кайтаарыма бир ай калганда...

Алым сөзүнүн акырын даана айтпай кабинаны көздөй чуркады. Кабинанын бардачогунан бир кесим нан, колбаса алып чыкты да Маматка сунду:

— Буларды салып кой, кереги тиет.

Алым Чынаранын сүрөтүн да чыгарып алып гимнастеркасынын төш чөнтөгүнө катты.

Эки жоокер жолго чыгышты.

Күүгүм кирип барат. Жаандын акыры шыбыргак каргa айланды. Шыбыргак кар шамалдын күчү менен бетиколду тызылдатат.

Алым алдыда, Мамат артта. Баткак. Жол оор. Басуу кыйын.

— Биздин максат! — деди бир оокумда Алым дуулдаган шамалга далысын сала кыйкырып. — Мына ушул жолдон чыкпоо. Такырдагы жолдон кум жолду айырмалоону билесиңби?

— Жок!

— Ээ, аны мына менден сура! — Алым акыл айткансыды. — Өтүгүң балчыкты баспай, тыгылбай калса эле кум жол дей бер. Шагылдуу жолго мына ушул балчык жол менен гана жетебиз. Ушуну эсиңден чыгарба!

Алар жол улашты.

Оор өтүктөрдү сууруу кыйын. Күч керек. Жамгырдан улам тумак да оор тартып, шинелдер калдайды.

Арадан көп өтпөй ичир кирип, көз байланды. Эми жамгыр биротоло басылып, шыбыргак кар күчөдү. «Бул чөлдүн акыркы сары кары болуу керек, — деди Мамат ичинен. — Кыш эми кайрылбайт... Бул акыркы кар». Акыркы кар чөл бетин агарта алган жок. Суу кар жерге түшөөрү менен эрип кетип жатты.

Шамал күч алып кадимки бороон өкүм сүрдү. Жоокерлер токтошкон жок. Өжөрлөнүп алдыга кете беришти. Балчык жолдон четтебөөнү көздөштү.

Айлана каранғы тартты. Эчтеме көрүнбөйт.

— Артта калба! — Алым кайра-кайра эскертет.

— Биз туура бара жатабызбы,— деди бир оокумда Мамат.

— Эмне болду? — деди Алым тык токтоп.

— Ким билсин, айтор мага оң жакка ооп кеткендей сезилип жатат.

— Эч нерсе эмес. Көнбөгөндүкү. Чөлдөн баш айлана берет. Кээде тетири баскансыйсың. Биз туура бара жатабыз. Менин эсебимче эми эки-үч чакырымдан кийин шагылдуу жолго чыгышыбыз керек. Оо, шагылдуу жолду табуу ротага келдик деген сөз!

Мамат сүйүндү. Бүткөн бою жибий түшкөнсүдү. Демейде минтчү эмес. Жүрөгү дүпүлдөп, бетине кан тээп чыкчу сүйүнгөндө. Ал бул жолу Алымдын үнүнөн демейдеги мээримдикти сезди. Алымга кыжынганы, жек көрүүсү заматта ыдырады. Алдыда дүгдүңдөп бара жатканын карап боору ачыды. «Кантсин анан... Эки жыл кум кечип жүрсө жадайт да».

Оо, арадан бир топ убакыт өттү. Маматтын жүрөгү түпөйүл тарта баштады. Эгерде Алымдын сөзү чын болсо алар эки-үч километрден кийин шагылдуу жолго чыгышмак. Мамат эки-үч километр эмес он километр жол баскансыды.

— Алым,— деди бир оокумда Мамат. — Биз туура бара жатабызбы?

— Эмне болду? — Алым шектүү сурады.

— Биз жаңылдык го дейм?

— Кантип билдиң — Алымдын чочуганы үнүнөн билинип турду.

— Шагылдуу жолго чейин эки-үч километр бар дебедиң беле?

— Ооба, эмне биз ошончо жолду басып койдукпу?

— Бастык го дейм?

— Дагы бир аз басалычы, анан билинет.

Алар дагы бир топко ылдамдап басышты. Бир оокумда алдыда бара жаткан Алым тык токтоду:

Биз кумга кептелдик Мамат...

— Оңго же солго бурулбайлыбы?

Шагылдуу жолго туш келиш үчүн түз басуу керек эле.

Экөө бир азга үнсүз турушту. Кар да, жамгыр да басылган. Бир гана шамал дуулдайт. Экөө ары-бери басып такыр издешти. Балчыктуу жолду карашты. Бирок ондо да, солдо да кум. Жалаң кум. Былжырап эзилген, тайгалак, өтүк бата түшчү балчык жок.

— Биз адаштык го дейм? — Мамат кооптуу сурады. Алым жооп берген жок. Кайрадан бир топко үнсүз турушту. Мамат эңкейип тегерекке көз жүгүрттү. Бирок эчтеме көрүнбөйт. Түн көөдөй караңгы. Алды жакта дүпүйүп бархандар жаткандай. Эмнегедир ичи тызылдады. Жүрөгүн сырдуу кусалык ээледи. Ага эч качан таң атпоочудай болуп, ушул жүрөктү эзген караңгылыктын кучагында биротоло калчудай туюлду. Ал жарыкты эңседи. Жарыктын ушунчалык асыл, жакшына экенин сезди.

— Биз адаштык,— деди Мамат кайрадан.

Бу жолу Алым чыдабай кетти. Анын да ич ачышып, бук болуп турганы билинди:

— Адашсак адаштык да! Анын эмнесин мага кайра-

кайра сүйүнчүлөйсүң?! Адашпаймын деп такылдап жатпадың беле! Жулкунуп жатпадың беле! Мына, адашат деген ушул!

Мамат кайрадан сестенди. Демейдеги шайыр Алым анын көзүнө ушунчалык табышмактуу, таң калычтуу адам көрүндү. Ою бүдөмүк тартты. «Ким күнөөлүү?— деди ал ичинен. — Дагы менби? Алым өзү жол баштап алдыда жүрбөдүбү! Мен ага ишенип жүрсө...»

Шамалга далысын салып, шеректенин отун жашырып жатып Алым сигарет тутантты. Түтүндү үстөкөбосток соруп, шамалга далысын тоскон калыбынча тура берди. Эмне ойлонуп жатканын ким билсин, Маматтын көзүнө ал сүрдүү да, сырдуу көрүндү.

Мамат асманды карады. Жылдыздарды эңседи. Асман ачык болгондо жылдыздарга карап жол жүрүүгө болот эле. Муну анын көкүрөгү сезип турду. Бирок асман жылчыксыз. Күтүлбөгөн жерден анын каны удургуп кетти. Ал туулган жерин ойлоду. Тоо эсине түштү. Тоолорду сагынды. Оо, тоо арасынан Мамат минтип адашпас эле. Тоо арасынан өр таянсаң чокуга чыгасың, ылдыйласаң коктуга түшөсүң, Суу жээктейсиң. Суу жээгинде жол болот. Суу боюнда эл болот. Чөлдө андай эмес Ал жада калса батыш менен чыгышты да ажырата албай калды. Бирок багытты бет алып басуу да опурталдуу. Чөлдүн учу-кыйыры жок. Бардык жагы бири-бирине окшош. Баса бересиң. Бирок эчтеме таппайсың.

Мамат Алымдан кайрадан сөз күттү. Кандайдыр бир сунуш айтса экен деп тиледи. Таш молодой катып тура берүүдөн пайда жок. Мамат буга эч чыдабас эле. Жол издегиси, баскысы келди. «Тобокел,— деди ичинен Мамат.— Айтор кыймылдоо керек».

— Басалы, Алым,— деди Мамат ортодо эч нерсе болбогондой жай сүйлөп.

— Кайда басасың? — Алымдын үнү кекээрдүү чыкты.

— Тура берүүдөн эмне пайда?

— Пайда! Пайда! Сага пайдадан бөлөк эч нерсенин

кереги жок го дейм ыя, дүнүйө?! Кабинада тынч отура бербей таптың пайданы!

Азыр Алым менен жаакташуунун кажети жок эле, ошондуктан Мамат аны менен айтышкан жок.

— Алым—деди ал токтоо.— Биз оң жакка ооп кеттик окшойт. Жана айттым эле го? Шамалдын согушу да өзгөргөндөй. Шамалга капталыбызды салып сол жакты көздөй кичине жол басып көрбөйлүбү?

Алымдын макул болуудан бөлөк чарасы жок эле. Ошондуктан үнсүз гана Маматтын артынан түштү.

Эми Мамат алдыда. Алым артта. Шамал улам басандай берди. Эки жоокер дагы бир топко жол басышты. Бирок шагыл төгүлгөн жолго кез болушкан жок. Таман алдыда кум. Кээде дөңсөө, кээде ойдун. Кум такыр түгөнөөр эмес.

— Токто! — деди күтүлбөгөн жерден Алым. — Токтогун Мамат!

— Эмне болду?

— Болду жетишет! Ушинтип кете берсек житип кетебиз, жоголуп кетебиз, эси жок!

Мамат унчуга албады. Ою да азыр бүдөмүк тарта баштаган. Карангылык, чөлдүн табышмактуу түнү анын башын биротоло айландырып салды. Көжөлүп алдын көздөй кете берүү балким чыны менен коркунучтуудур. Алым айткандай алар теңирден тескери кетип бара жаткандыр.

Эки жоокер токтоп калышты.

Шамал басылды.

Алым шереңке чагып, саатын карады:

— Оо, таңкы төрт болуп калган турбайбы?! Эми бир аз чыдасак таң атат!

Бир аз убакыт өткөндөн кийин суу кийим экөөнүн денесин чыйрыктыра баштады. Тула-бойлору, өзгөчө буттары зыңылдады. Чарчашкандарын эми билишти. Таң атканча минтип отура берүүгө болбойт. Өпкөдөн суук өтүп кетиши мүмкүн. Басуу керек. Бирок кайда?

У-у-у!. У-у-у!..

Күтүлбөгөн жерден тири шумдуктуу доош чыкты. Ой!.. Бул эмне?

Эки жоокер отурган жеринен ыргып турушту. Түн жымжырттыгын тыңшап калышты. Бул табышмактуу доошту ажырата албай, кайдан чыкканына көздөрү жетпей элтеңдешти.

У-у-у!..

Алиги доош кайрадан угулгансыды.

— Карышкырлар! — деди Алым. — Карышкырлар Мамат!

Маматтын ансыз да ичиркенип турган денеси мупуздак болуп кетти.

— Келе бычакты! — деди Алым. — Бычагынды мага бер!

Мамат делдиреп,кичинекей макисин Алымга карматты. Ал карышкырлардын улуган үндөрүн уккан. Бирок бул үндү бөрүлөрдүн улуган үнүнө окшоштуруу кыйын эле.

— Карышкырлар минтип улубайт,— деди ал.

— Урдум мен сендей келесоону! — Алым таң калычтуу кышылдай сүйлөп.— Сен эмнени билесиң? Сен али чөлдү билбейсиң, чөлдүн бөрүлөрүн көргөн эмессиң! Үнүн да укпагансың! Мына азыр көрүп ал, кырк-элүүсү чурулдап келет да; экөөбүздү тытып кетишет.

Мамат чочуп кетти. Алымдын сөздөрү анын үрөйүн учурду. Тизелери, колдору, муундары эрктен тыш калтырап турганын туйду. «Автоматым болсочу азыр! Эх, автоматым болсочу азыр!» Анын денесин шалдайткан өкүнүч басты. Жалт артына бурулуп, көөдөй караңгылыкты тиктеди. Эч нерсе көрүнбөйт. Канча карышкыр келет? Кайдан? Бирок бул эч белгисиз.

— Сени ээрчиген киши арам өлөт турбайбы,— Алым Маматты жакадан алып калч-калч этти. — Кана, ким жооп берет буга айтчы! Ким?!! Эх шордуу баш! — Алым Маматтын жакасын ксё берип, башын кош колдоп

мыжыкты. — Карышкырга жем болот деген эмне тамтык! Бул эмне деген кордук ыя?!. Ха-ха-ха!.. Өлүм!.. Өлүм!..

«Жинди, жинди,— деди Мамат ичинен. Ал баарын унутту. Алымдын түрүнөн коркту.— Алым жинди болуп калды. Жинди!..»

Алымдын үнүндө өктөм, жан кейиткен заар:

— Билгем мен муну! Баарын кылган сен! Сен Мамат! Биз кабинадан чыкпашыбыз керек болчу! Азгырдыңбы! Ушуну кааладыңбы?! Өл эми! Карышкырга жем бол!

Мамат өмүрүндө мындай абалга туш болуп, мынчалык сөздү угуп көрбөгөн. Өз кулагына өзү ишенбеди. Мына ушунун баары түш сыяктанып көрүнүп да кетти. Өзүн жоготту.

— Мамат, Мамат—деди Алым кайрадан.— Карышкырлар жалгыз жарымга гана кол салат деп атам айткан. Биз экөөбүз да! А балким бизге тийбес ыя, Мамат?! Айтчы Мамат, айтчы!

— Ыя — Мамат түшүнөн чочугансып селт этти.

— Карышкырлар бизге тийбейт ээ, Мамат?!

У-у-у!..

Доош кайрадан угулду.

— Мамат!!!

Мамат жооп берген жок. Жооп берүүгө чамасы келбеди. Күтүлбөгөн жерден Алым анын рюкзагына асылды:

— Апкел рюкзакты! Газеталарды жагабыз! Каттарды жагабыз! Карышкырлар оттон коркушат! От керек, от!!!

— Бас ары,— Мамат рюкзакты кайра жулуп алды.— Бербейм каттарды!

— Бересиң! Жашоо керек болсо бересиң!

Алым Маматты баса жыгылды. Рюкзакты тартып алууга жан талашты. Мамат рюкзакты бооруна кысып, тарттырып жибербөөгө аракет кылды. Экөө ит жыгылыш болуп тартышып кирди.

Мына ошол убакта эч күтүүсүз жерден:

— Ой-бай-ау! Мынаулар не? — деген адамдын үнү чыкты.

Төөчөн эки адамдын зор карааны алардын жанында турган эле.

— Адамдар гой,— деди экинчи үн.

— Адам болсоң үн сал эй, кызталак! — деди биринчи үн өктөм чыгып.

— Биз,— деди Алым акактап. — Биз эле агатайлар!

— О, суруң качкан кургурлар! Не кылып жүрөсүңөр?

— Адаштык,— деди Алым. — Жоокерлербиз.

— Ой-баай шырагым, тамаша чегип турган жоксунба бизди? Казармаңдар мынау жерде эле туру го?

— Кайда — деди Алым энтигип.

— Мына осы жерде,— деди экинчи төөдө отурган адам.—Кишикентай баса түсиңдер, шагылдуу жолго шыгасындар. Содан кийин үйүң жакын гой!

— Ыыя — Алым делдиреди.

Бу-бу-у!..

Биринчи кишинин төөсү боздоду. Үстүндө отурган адам:

— Э караң калгыр! — деди сүйлөнүп. — Кара басыңа көрүнсүн жыртак көз! Ой-бай, ботосун аяп, сарайга байлап койсок, өлүп калгансып боздойт да бул! Бас үнүңдү! Ботоң тирүү, эртең эле кайтабыз Бас-кудуктан!

Төөчөн адамдар жүрүп кетишти.

Бу-бу-у!..

Ботосун жоктогон инген улам боздоп коёт.

Булар ушул тегеректеги малчы казактар болчу. Алардын төөсү көп. Күндүзү да, түндөсү да кээде ушинтип жол жүрүп калышат.

— Кеттик,— деди Алым кеп-сөзгө келбей. — Шагыл таштуу жол жакын тура!

Мамат рюкзагын асынып анын артынан түштү. Төөчөндөр чын айтышыптыр. Көп өтпөй эки жоокер шагылдуу жолго чыгышты.

— Мамат! — Алым балача өтүгү менен шагылдуу

жолду тепкилеп ары-бери жүгүрдү. — Мына шагыл таштуу жол! Мына! Көрдүңбү! Биз мына ушуну издеп жүргөнбүз! Түшүндүңбү?Ха-ха-ха!

Ал далбактап, ары-бери чуркады.

Шырт-шырт-шырт...

Майда шагылдар оор өтүк алдында кычырайт. Айлана үрүл-бүрүл тартып, чыгыш жак супа салды. Мамат ошол үлүл-бүрүлдөн Алымдын далбактап, шагылдуу жолдо ротага шашып бара жаткан караанын ажыратты.

АК МОНЧОК

Таң супа салып чыгыш жак агарып, жупжука сургулт булуттардын өңү чыкты. Алар улам агарып, кебездей болуп үлбүрөп, каяккадыр каалгып жылышат. Мындан бир аз эле мурдагы асман толо жылдыздардын улам бири өчүп, суюлуп, күндүн алгачкы шооласынан жеңилип жатышты. Эртең мененкисин деңиз демейдегидей эле агыш түстө. Деңиздин көркү күн көтөрүлгөндө гана чыгат. Көпкөк болуп тунуп, тереңиндеги кооз таштар ачык көрүнөт. Ал эми таңкысын ушундай агыш. Ак тилкелер сап-сап болуп горизонт кубалап кетишет.

Күтүлбөгөн жерден мылтык атылды.

Деңиздеги канаттуулардын чуусу көбөйдү. Бейкам жем издеп жүргөн өрдөктөр асманга көтөрүлүп, ак чардактар, ак куулар үн салып, канаттарын сууга чапкылап, көктү көздөй көтөрүлө баштады.

Жана да мылтык үнү...

Өкүм сүрүп келе жаткан ак таң бир силкинип алгансыды.

Терезенин жанында өзүнө чакан керебетте уктап жаткан Ануар чочуп ойгонду. Үстүндөгү төшөгүн серпип таштап, терезени ачты да деңиз тарапты тыңшап калды. Канаттуулардын чуусу, толкундардын шарпасы даана угулду.

Тарс!..

Ануар төшөгүнөн ыргып турду да оозгу үйдө мылтыгын жанына жөлөп уктап жаткан агасына учуп жетти.

— Байке! Байке! Тур, атып жатышат!

Таң атканча жээкте жүрүп, чарчаган агасы катуу уктап калган эле. Ануардын тарткылаганына уйкусурап, эч нерсеге түшүнгөн жок.

— Байке дейм! — Ануардын жаны чыгып кете жаздады. — Атып жатышат!

— Ыя?! — Агасы эми гана ордунан атып туруп, жөлөнүү турган кош оозду кармай сыртка чуркады. Ануар анын артынан түштү. Экөө тең деңизди бет алып чуркап жөнөштү.

— Тигине алар!

Ануар сөөмөйү менен жээкти агасына көрсөтө берди.

Жээкте эки адам жүргөн. Алардан обочо кош аяктуу мотоцикл зор ак ташка жөлөнүү турат. Алиги эки киши мылтыкчан. Сороюшуп, деңиз үстүн көрсөтүп, сүйлөшүп, турушат.

— Ээй!—Ануар ичке үнү менен чыйылдап кыйкырып, кичинекей муштумуш көрсөттү. Экөө үндөн улам жалт карашып, өздөрүн көздөй чуркап келе жатышкан беркилерди көргөндө, мылтыктарын жондоруна шак асынышты да, чуркап келип мотоциклине отурушту.

— Байке, качып кетишмек болду!

— Токто-о!!! Токтоо!!! — Ануардын агасы жоон үнү менен сүрдүү кыйкырды. Бирок аралык алыс эле. Эки адам мотоциклин от алдырышып, жээк бойлогон жолго түшүп жүрүп кетишти.

— Качып кетишпедиби! байке,—Ануар ыйламсырай байкесин карады. Алар күшүлдөп-бышылдап жээкке келишти.

— Аттиң! — Ануардын агасы катуу өкүнгөнүн билдиргендей жээктеги ак таштардын бирине отура кетти.— Жок дегенде мотоциклдин номерин көрүп калганда не!

— Көк турбайбы байке, шаарга барсаңыз таппайсызбы?

— Оо, шаарда мындай көк мотоциклден канчасы бар дейсиң! Андан көрө карачы деңиз үстүн, алар эмнени атып кетиштн болду экен?

— Ак куу! Байке, алар ак кууну атып кетишиптир! Ай-ий, байке, ак кууну!—Ануар чыйылдып, ал гана эмес ордунан тегеренип да кетти.

— Канакей?

Агасы ордунан шашып туруп, Ануардын көрсөткөн жагын карады. Жээктен бута атым аралыкта ак көбүктөргө аралашып, өөдө-төмөн термелип, бир ак куу чабалактап жаткан эле. Ануар майкесин чечип салып суугa кирмекчи болгондо, агасы кармай калды.

— Токто! Сенин дарманың келбейт.

Агасы дароо чечинип, зор толкундарды жирей сүзүп, жарадар ак кууну көздөй бет алды. Ак куу кача да, уча да алган жок. Бир орунда гана тегеренет. Ануардын агасы ак кууга жетип, бир колу менен кулач уруп, бир колу менен аны сүрүп, жээкти көздөй сүзө баштады. Ак куунун бир канаты кыймылсыз. Бир канаты менен толкун чапкылайт, жан далбас кылат. Тегерегинде аппак канат-куйругу үзүлүп, толкундарга термелип, каалгып жүрүшөт. Бир аз убакыт өткөндөн кийин агасы жарадар ак кууну жээкке жакындатты. Ануар да карап турбай белине чейин суу кечип барып, ак кууну кучактады да жээкке чуркап чыкты.

Ак куу алсыз эле. Анткени бытыра сол канаты менен сол санына тийиптир. Кан көп аккандыктан ак куу жээкке чыкканда канаттарын жайып, ппичке узун мойнун созуп, кум үстүндө өпкө кагып жатты.

— Өлүп калат го, байке?—Ануар ыйламсырай агасын карады. Агасы алиги эки кишиге ачуусу келип, бирде ак куунун аянычтуу кебетесин көрүп кейип турду:

— Акмактар! Жазыгы кайсы бу шордуунун? Силерднби, колума бир тиерсиңер! Эми эмне кылдык ыя?

Ага-ини ак кууга айланчыктап, аны менен бирге кыйналышты.

— Үйгө алып кетели,— деди агасы бир окуумда. — Алпарып жараатын таңалы, колдон келсе айыктырып жиберели.

— Ошентеличи байке, минтип жата берсе өлүп калат го.

Ануар ак куунун канаттарын жыйнай кучактап, декилдей басып айылды көздөй жөнөдү.

Алардын айылы деңизге абдан жакын. Аралыгы жарым чакырымга да жетпейт. Кичине. Болгону жыйырма түтүндөй эл жашайт. Айыл эли чакандыгына жараша ынтымактуу, боорукер. Деңизде каз-өрдөк, ак куулар топ-топ болуп жүрүшсө да бири мылтык атпайт. Ошондуктан айыл тушундагы жээк тынч, канаттуулар көп айланчыкташат. Өзгөчө быйыл көп болду. Жайды жайлай каз-өрдөк, ак куулар айыл тушунан үзүлгөн жок.

Ануардын агасы мына ушул канаттууларга корукчу. Канаттууларды атууга уруксат берген кезде жээктен кетпейт. Айрым мергенчилер алкын бузуп, бирдин ордуна экини атып алууга аракет кылышат. Ануардын агасы мына ушуларга көз болот.

Көптөн бери ак кууларга ок чыкканы ушул.

Ануар өзгөчө ак кууларды сүйөт. Алар деңиз үстүндө каалгып толкундарга ыргалып, каз-катар тизилип жүргөнү деңизге укмуштуудай кооздукту тартуулайт. Ак куулар өздөрү да абдан ынтымактуу. Эч качан бири-бирин канаттары менен сабашпайт. Ануар аларды көпкө тиктейт. Көздөрү карыгып кетсе да сонуну тарабайт. Кыялында аларга жанашкысы келет. Алар менен тең жарышып, тереңге чумкуп ойносом дейт. Ал бир нече жолу ак кууларга жакындап сүзүп барууга аракет кылып көрдү. Бирок ак куулар өтө сак. Дароо ары бурулуп оолактап кетишет. «Мен силердин досуңармын!—дечү Ануар аларга кыйкырып. — Мен силер менен чогуу болгум келет! Коркпогула! Келгиле бери!» Бирок адам сөзүн алар

кайдан түшүнсүн, оолак сүзүп, Ануарды улам карап коюшат да жем издөө менен алектене беришет.

Жаралуу ак кууну үйгө алып келишкенде Ануардын ата-энеси да катуу кейишти.

— Бу бечараны кайсы колуна шал тийгир атты экен? — деди апасы ак кууга үйрүлүп. — Олда байкуш аай, тилиң гана жок да! Тилиң болсо ооруп жатам апа,алым жок, кыйналдым деп, буркурап-боздоп ыйлаар белең?..

— Кээ бир адамдар эмне болуп кеткен?— деди атасы да зиркилдеп.— Муштумдай эт үчүн бейкүнөө жандарды жаралап... Ак куу адал дил, ак тилек болот. Түшүнбөйбү муну келесоолорун!? Ак куулар айыл четин байыр алганда сапар тартып бара жаткан жолоочулардын жолу шыдыр болот, ошол айылды ырыс-кешик чулгайт деп айтчу ата-бабаларыбыз.

Ак куу көздөрүн үлдүрөтүп, канаттарын жайып, алсыз жатты.

— Бул быйылкы балапаны экен,—деди Ануардын атасы. — Көрбөйсүңбү, бутундагы кабырчыктары назик, оозу ууз, сарысы ката элек. Эч нерсе эмес, мен шак-шактап коём катып кетет, жаш дене эмеспи.

Абышка кызыл саптуу макиси менен сөөмөйдөй болгон жыгачтарды кесип, кадимки эле сыныкка койгон шак-шакты куунун жаралуу санына, канаттарына байлады. Жараттарын ак чүпүрөк менен таңып, кой короонун бир бурчун бошотушуп, ак кууну алдына жумшак чөп салып жаткырышты. Ануар анын алдына суу койду, нан үбөлөп берди. Бирок куу эчтеме жеген жок. Канаттарын жыйноого чактысы келбей, алсырап, мойнун созгон калыбында жата берди. Ануар анын оозун ачып нан салып көрдү. Бирок аны да жебеди. Кыпкызыл учакай тили менен түртүп салып, солуп жата берди. Ануар ага талаа чегирткесин, чабак балыктарды, буудай-арпанын данын да берип көрдү. Бирок ак куу таптакыр эле эчтемени оозанбады.

— Коё тур,— деди ага атасы. — Жаны кыйналып

турган неме жем жемек беле? Ооруксунган жери басыла баштаганда эле өзү тамакка умтулат. Кыйнаба азыр.

Эртеси ак куунун чыгып турган каны капкара болуп катып калыптыр. Ануардын берген жемдеринен жедк. Бирок ал дагы эле алсыз эле. Күч-кубатына кириш үчүн убакыт керек болчу. Ануар аны күндөп-түндөп бакты. Убактысынын көпчүлүгүн ак куунун жанында өткөрдү. Ак куунун сынык канаты ага таптакыр эле бүтпөөчүдөй, айыкпоочудай сезилип туруп алды.

— Жакында ак куулар алыс жакка сапар тартышат,— деди ал атасынча. — Бул өз үйүрүнө кошулбай жалгыз калабы?

— Айла канча? — деди атасы уулун тынчтандырып,— Быйыл кышы менен айыксын. Эмдиги жылы, жаз алды менен ак куулар дагы келишет. Ошондо кошоорсуң үйүрүнө.

Арадан күндөр өттү. Ак куу оңоло баштады. Бирок аппак канат-куйруктары кирдеп, жүдөп кетти. Жамбашы сынык болгондуктан баскан тоокчо жатканы жаткан. Бирок тыңып барат, мойнун койкоңдотуп, Ануардын берген жемин шыпылдатып жейт. Экөө абдан үйүр алышып кетти.

— Балам,— деди бир күнү Ануардын атасы. — Ак кууң жүдөп кетти го. Булардын жашоосу суу менен. Адамга аба кандай керек болсо буларга суу дал ошондой керек. Тор баштыкка салып деңизге алпарсаңчы, кичине сууга түшүп дене-боюн сергитсин, жуунуп-тарансын.

Атасынын сөзүн Ануар туура тапты. Тор баштыкка ак кууну салып жээкке келди. Ал деңизге жакындап толкундардын шарпасы угулганда эле ак куунун тынчы кете баштады. Тыбырап, узун мойнун толкундарга карата созуп, соо канатын каккылап жиберди.

— Сагынган экенсиң ээ?—деди ал ак кууну деңизге коё берип жатып. — Мына, эми кумардан чык. Кап, мунну билгенде мурда эле алып келбейт белем!

Ак куунун шак-шак коюлган буту кыймылсыз, бытыра сындырган канаты да калдайып иргемге келбейт. Бирок ак куу соо канаты менен толкундарды шапшылап, ары-бери каалгый баштады.

Ануар күлүп турду:

— Канат-бутуң соо болгондо сонун болмок экен ээ? Оо, анда сен алда-кайда сүзүп жүрмөксүң! Болбосо асманда учуп бара жатмаксың ээ!

Ануар да чечинип салып сууга кирди. Ары-бери чумкуду. Ак куунун канат-куйругуна суу кочуштап чачты. Каткырып күлдү. Экөө толкундар менен ойноду. Ануар тереңге чумкуйт. Суу ичинен көзүн ачат. Терендикте түркүн таштар. Өзгөчө ак мончок таштар көз жоосун алат. Алар апакай болуп тереңдикте чачылып жатат. Ануар аларды чумкуп барып терип алат.

— Көрдүңбү? — дейт ал ак куусуна мактанып. — Карачы мончок таштарды! Сен мончок таштарга окшошсуң, каалайсыңбы, мен мындан ары сени Ак Мончок деп жүрөйүн?! Макулсуңбу, Ак Мончок?

Ак куу Ануардын сөзүнө макул болгон өңдүү жоошуп, канат-куйруктарын тарап, жуунуп жатты. Кирдеп кеткен жүндөрүнүн өңү чыкты. Ак куу чынында эле Ануар тереңден алып чыккан мончок таштарга окшоп апакай тартты.

— Сен сулуусуң,— деди Ануар. — Карачы, кандай апакайсың, мен сага Ак Мончок деп туура ат коюпмун ээ? Кел эми, суу чачышып ойнойбуз!

Күн так төбөдө. Шамал жок. Деңиз үстү тынч. Майда толкундар гана жээкти ургулап жатат. Экөө көпкө чейин ойноду. Алар айылды көздөй түш оой гана кайтышты.

Арадан күндөр өтө берди. Күз жакындады. Ануар курдаштарына кошулуп, кыпкызыл китеп баштыгын асынып, мектепке бара баштады. Мектепке кетээрде Ак Мончокту денизге алпарып коё берет да, кайтып келе жатканда ала келет.

Бүгүн жекшемби. Ануар менен Ак Мончок жээкте. Ануар куусун толкуну майда булуңга коё берди. Ак Мончок ары сүздү, бери сүздү. Жээктен алыстайт. Зор толкундарга карай бет алат.

— Ары барба дейм!—Ануар тура калып кыйкырат,— Чоң толкундар ала салдырып кетет! Барба дейм, Ак Мончок! Жаралуу канатыңды кайрып аласың!

Ак Мончок көзү зор толкундарга даап бара албайт. Толкун көтөрүлүп келе жатканда эле оолактап. Ануарды көздөй жакындайт. Деңизден соккон шамал муздак. Канаттуулардын чуусу аз. Алар күндөн күнгө деңиз жээгинен азая баштады. Көпчүлүгү каз-катар тизилип, каякадыр канат күүлөп, кетип жатышты.

Бир оокумда асмандан кубаттуу канаттардын зуу-зуу эткен добушу угулду. Ануар көктү карап, каз-катар тизилип учуп бара жатышкан ак кууларды көрдү. Ак Мончок узун мойнун койкойтуп аларды карады. Топ ак куулар да деңиз үстүндөгү ак кууну көрүштү. Ак Мончок соо канаты менен толкун сабап, бир тегеренип, чый-пыйы чыгып кетти. Кайра-кайра үн салды. Топ ак куу чуруулдашып так төбөдөн өтө бериштн. Алар Ак Мончокко: «Жүр биз менен, жалгыз бул жерде эмне кылып жүрөсүң? Кошул бизге! Алыска сапар тартабыз, жылуу жакка кетебиз!»— деп жатышкансыды чурулдап. Бирок Ак Мончокто арга канча? Үн салып узатып кала берди. Тегиндештерине акжол каалап: «Бараар элем, учаар элем, силер менен. Бирок канатым сынык, аргам жок!»—деп өксүп ыйлагансыды. Ануар Ак Мончокко карап туруп боору ооруй ушинтип ойлоду. Айылга кайтаарда Ак Мончоктун канаттарынан, мойнунан сылап:

— Кейибе. Ак Мончок!—деди.— Атам айткан, дагы бир айдан кийин кадимкидей учуп каласың деп. Учасың Ак Мончок. Сага эч ким тийбейт. Каалашыңча деңизде ойно, зериккенинди жаз. Ак куулар дагы келет, кайгырба жарайбы?

Ак Мончок кышты ушул жерден өткөрдү. Ок тийген канаты менен саны каксыз айыкты. Ак Мончок ирденип, жаз алды менен деңизге сүзүп ойноп чыкты. Учуп-конууга да дарманы жетип, жемди өз алдынча таап жээгө аракеттенди. Кээде деңизде түнөп калат. Ануардын кубанычы чексиз, сүйүнгөнүн жашыра албай:

— Бүгүн Ак Мончок тээ алда-кайда учуп барып келди,— дейт атасына.— Тимеле канаттарын күүлөсө бир укмуш. Зуу-зуу деген үн чыгат.

— Ырас болуптур садага, сынык бүтөт деген ошол. Кара түндүн жарык күнү бар, жамандыктын артынан жакшылык бар деген ушул болот, уулум.

Жаз алды менен деңизде канаттуулар кайрадан көбөйө баштады. Алгачкы ак куулар пайда болду. Алар ары-бери сабалап, кээде деңиз үстүндө көпкө дейре байыр алышып, өздөрүнчө чурулдап, тиричиликтерин кылып жүрүштү. Ак Мончок аларга кошулду. Кээде экиүч күн жоголуп кайра келет. Ануар бош убактыларында жээкке келет да колуна жем алып, тээ алыска-алыска көз жүгүртүп, чоң таштын үстүнө чыгып, Ак Мончокту күтүп отура берет. Оо, бир оокумда каяктандыр Ак Мончок пайда болот да, канаттарын зуулдатып Ануардын үстүнөн учуп өтөт.

— Ак Мончок-ок! Ак Мончок-ок! Кел бери, мен сени эртеден бери күтүп отурам!

Ануар шапкесин ары-бери булгалап тызылдап чуркайт. Мына ошондо Ак Мончок төбөдөн бир эки жолу айланат да, Ануардын жанына келип конот. Бала анын канаттарынан, куйруктарынан сылап жемин берет.

— Кайда барып келдиң, Ак Мончок? Эне-атаңды таптыңбы? Же ошолорду издеп убара болуп жүрөсүңбү?

Жооп кайда?! Ануардын колундагы жемди шыпылдатып жей берет. Ак Мончок анын жанында көпкө дейре болот да, анан каяккадыр учуп кетет.

Кийинки убакта Ак Мончок Ануарга келбей калды. Арадан он күн өттү. Ануар күндө деңиз жээгине келет.

Тээ учу-кыйырсыз мелмилдеген деңизди көзү карыккыча тиктейт. Асмандан кулагына тааныш доош чыгабы деп кулак түрөт. Бирок Ак Мончок келбеди. Дайынсыз жоголду. Ануар капаланды. «Ак Мончок кайда кетти? Ата-энеси алыс жакка ээрчитип кеттиби? Же мага таарындыбы? Унуттубу?.. А балким дагы бирөөлөр атып салдыбы? Жок! Жок! Андай болбойт! Кантип эле Ак Мончокту дагы бирөөлөр атып салсын?» Айтор анын оюна ар нерселер келди. Үйүндө жүрсө да деңиз тарапка кылчактай берет. Ануардын абалын байкаган атасы:

— Кабатыр болбосоңчу, садага,— деди.— Ак Мончогуңдун келбей калганы — өз туугандарын тапканы. Эми алар чогуу өмүр сүрөт. Канаты бар куш кайда барбайт? Бүгүн мында болсо, эртең күнчүлүк жерде. Сапар тартып жүргөндүр.

Ануар ак куусун сагынды. Аны көргүсү келди. Үмүтү үзүлбөй, дагы эле жем алып жээкке барып жүрдү. Бирок Ак Мончок дайынсыз.

Бүгүн да Ануар жээкте. Деңизден жаздын алгачкы жылуу жели урат. Ак толкундар сапар тартып бара жаткан ак кууларга окшоп, сап-сап тизилип, жээкти көздөй удургушат. Ануар тереңди тиктеп, апакай мончок таштарды көрдү. Ушул мончок таштарды карап отуруп, ак куусуна Ак Мончок деп ат койбоду беле!

Ануардын көңүлүн ак куулардын үнү бузду. Ал башын көтөрүп, бир топ ак куу көктөн төмөндөп, толкундардын үстүнө конуп жатышканын көрдү.

Күтүлбөгөн жерден алардын арасынан бир ак куу бөлүнүп чыгып, толкундарга жакын учуп, жээкте эрбейип турган Ануарды көздөй бет алды.

— Ак Мончок!!!

Ануар кыйкырып жиберди. Алиги ак куу чын эле Ак Мончок экен. Ал кичинекей ээсинин жанына келип конуп калды.

— Ак Мончок!—Ануар белине чейин суу кечип барып сүйгөн куусуна жетти. Канат-куйругунан кучактай кетти.

— Ак Мончок! Эмне кечиктиң? Мен сени аябай күтпөдүмбү! Келээриңди билгемин Ак Мончогум! Билгем! Карачы сүйгөн жеминди алып келдим, ме, жей гой.

Ак Мончок жемди адатынча шыпылдатып жеп кирди. Узак сапардан келе жатышса керек, ачка болуптур. Ануардын сүйүнчү койнуна батпады.

— Жайды ушул жерден өткөрөсүңбү, Ак Мончок? Ушул жерден өткөргүлө ээ? Мен сага күн сайын жем алып келип берип турам. Эми эч жакка кетпейсиң ээ, чынбы, Ак Мончок?

Ак Мончок жемди сугалактана жеп бүттү.

Бир оокумда алиги ак куулар чуу түшүп калды. Үн салышты. Арасынан бирөө көккө көтөрүлүп чыкты. Анын сонунан экинчиси, үчүнчүсү көтөрүлүп, учу-кыйырсыз деңиз түпкүрү тарапка бет алды.

Ак Мончок да үн салды. Зор канаттарын толкунга бир-эки жолу чапкылады. Адатта ак куулар сапарга чыгаарда ушунтишет.

— Ак Мончок, кетесиңерби? — Ануар жандай сүйгөн куусун тиктей берди. — Сен да кетесиңби?

Ак Мончок көккө атырылып чыкты.

— Ак Мончок-ок!!! — Ануардын жүрөгү мыкчылды.

Ак Мончок кайдан түшүнмөк? Канаттарын зуулдатып Ануардын үстүнөн үч айланды. Коштошуп жаткансыды. Баланын көзүн жаш чалды.

— Ко-ош! — Ал үнү каргылдана шапкесин булгалады.

Ак Мончок ак куулардын артынан тез эле көрүнбөй калды. Ануар өмүрүндө биринчи жолу ысык досу менен коштошту. Коштошууда кусалык, дене титиреткен зор күч, көз жаш болоорун билди.

Ошол күнү кечке капа жүрдү.

— Ак Мончок кетти,— деди ал атасына. — Биротоло кетти.

Атасы уулун бир топко тиктеп, мандайынан жыттап, жай гана:

— Капаланба, садагаң болоюнум,—деди—Ар кимдин өз уясы бар. Сен канчалык айланчыктаба, үйрүлбө, баары бир Ак Мончокко өз тегиндештеринин арасы кымбат. Эртедир-кечтир ал бизден кетмек. Адам деген ошентип колунан келген жакшылыгын кылуу керек. Бул биздин парз. Сен, садагаң болоюнум, алгачкы адамдык парзыңды гана аткардың. Кайра Ак Мончогуң өз үйүрүнө кошулганына сүйүн.

Ануар атасынын сөзүнө муюду.

ЧӨЛ КЫЗЫ

«Чөлдө эмненин жашоосу? Кайсы жакшылык бар дейсиң?» Карып ушул сөздү ичинен дагы бир жолу кайталап, чөлдөн жүзүн буруп кетти. Деңиз тарапка тигилди.

Деңиз буркан-шаркан. Тоодой толкундар күмүш көкүлүн көккө серпип, жээкти көздөй агылууда. Ак чардактар ойкуп-кайкышат. Тээ алыста ак куулар бүлбүлдөгөн жел кайыктарча термелишет, үн салып канаттарын толкунга чапкылашат.

Карыпка чөл гана жакпайт. Ал тоодо өскөн. Мынчалык кең аймактагы чөлдү, мелтиреген суз талааны көргөн эмес. «Карачы,— ал чөл тарапка тигилип дайыма ушинтет. — Бир бүдүр жок. Түптүз. Как эткен карга, кук эткен кузгун жок. Бул жердеги эл айла жоктон гана жашайт экен да!»

Карыптын жоокердик турмушу мына ушул жерге туш келди. Армияга чыкырылып жүргөндө мындай чөлгө барам деп үч уктаса түшүнө кирбеген. Бир жагы чөл, бир жагы деңиз.

Чөл укмуш. Тээ горизонттун чегинде кыпкызыл кум таң эртең күн нуруна кызыл жошо болуп көрүнөт. Катуу шамалдан кумайлаган дөңсөөлөр. Анда бирин-серин какжыраган сөксөөлдөн бөлөк эчтеме жок. Андан бери кум улам түгөнүп отурат. Деңизге жакындаганда кам-

гактуу талаага айланат. Ал эми жээк да бөлөк түстө, аппак таштар, кум да ак, жалаң үлүлдүн кабыктары.

Тээ батыш тарапта казактардын чакан айылы. Үйлөрдөн төөсү көп. Айыл четинде ак кирпичтен салынган заңкайган узун сарай. Андан ар дайым таң азандан койлор чууруп чыгат. Алар узай түшкөндө төө минген койчусу ээрчийт. Мунун баарын Карып постто туруп дүрбү салып көрөт. Кайтарган аймагы түнкүсүн гана кооптуу. Шамал, бороон болгондо кыйын. Ал эми күн ачыкта ушинтип, чар-тарапка көз салышып, жыргап калышат.

Ошол ак сарайдан чууруп чыккан койлордун койчусу кызык жигит. Ар дайым кара төөчөн. Бул жактын төөлөрү да эки түрдүү: кээси бир өркөч, кээси кош өркөч. Койчу жигиттин мингени эки өркөчтүү кара төө. Аны жай бастырып дайым кой артында. Бир маал жээкке жакын жайып келет. Анын да дүрбүсү бар. Кароолдогу жоокерлердин автомат кармап, постту айлана басып жүргөнүн көпкө дейре карайт. Андан сөң төөсүн чөктүрүп жээкке жөө келет. Таш алып толкундарга ыргытат. Түркүн түстөгү таштарды терип алып, аны кызыга көпкө чейин карай берет. Асмандагы каз-катар тизилген ак кууларга кол булгалайт.

Анын жоругуна Карып өзүнчө бырс күлөт. «Чөлдө жүрүп жапайы болуп бүткөн да. Мындай жерде адам жапайы эмес жинди болуп кетээр. Койчу жигит өзү менен өзү алек. Кээде тыз коюп чуркап коет. Кээде укмуш музыканын ыргагына бөлөнгөн немече каалгып тегеренип коймою да бар. Ал мына ушуга окшогон жүрүм-туруму менен Карыпты кызыктырып алды.

Койчу жигит адатынча бүгүн да койлорун жайып жээкке келди. Бу кезде Карып постту бир ирет алмаштырып, үч саатча уктап кайра келген эле. «И,— деди Карып койчу жигитти ичинен кекеткен болуп. — Сен оюнунду башта, мен болсом карап турайын».

Койчу жигит төөсүнөн түштү да жээкке келди. Жээктеги кумду көпкө тиктеди. Анан жерден бир нерсе ал-

гансыды. Алаканына салып көпкө карады. «Кооз таш тапты болуш керек»—деди Карып ичинен. Бирок койчу аны ыргытып салды да, жээкке келип адатынча толкундар менен ойноп баштады. Күү этип толкун жээкке умтулганда койчу андан качат, кайра артка тартканда кубалайт. Так секирип бутун сууга тийгизбөөгө аракет кылат. Кыймылы ийкем, шамдагай. Муздак шамалды сезээр эмес. Үстүндө ак тон, башында казактардын кадимки түлкү тумагы. Бутунда өтүк, турпаты келишимдүү. Карып анын өңүн гана даана көрө албайт. Койчу таш алып деңизге ыргытып жатты. Ошол убакта асмандан доош чыкты.

Зуу-зуу... Зып-зып-зып...

Булар ак куулар. Каз-катар тизилишип койчунун үстүнөн учуп өтүштү. Анан коштошуп жаткансып ак куулларга кол булгалады. Ак куулардын учуп өтүшү койчунун оюнкараак мүнөзүн күбүп кеттиби, айтор ал ойлуу басып төөсүнө минди да, койлорунун артынан түштү.

Батыш тараптан боз булуттар менен кошо жөө туман каптап келди. Чөлдүн, деңиздин сүрү качты. Шамал күчөп, майда тамчылар дыбырай баштады. Айтмакчы, бул биринчи жаан. Карып бул жакка келгени жаанды биринчи ирет көрүшү. Жаз башталган кез. Чөл, талаа бодур-ала. Күн нуру тоңуп калган кумдарды эритип жатат. Чөл сазга окшош. Кумга өтүктөр согончоктон батат, басуу кыйын.

Туман катуу каптай баштады. Койчу койлорун жыйнап, ак сарайды көздөй ылдамдады. Көп өтпөй Карып турган жер да, койчу да, деңиз да тумандын алдында калды. Шатыратып жамгыр төгүп кирди. Ошол түнү таң атканча жамгыр басылган жок. Карыптар кайтарган аймагын тегеренип басып чыгышты. Кароол башчы сержант Комиссаров аларды кайра-кайра текшерип жатты. Жоокерлердин өтмө катарынан суу өттү. Моюндан кирген суук коюн-кончту аралайт. Адегенде дене чыйрыгып, андан соң кайрадан ысып чыкты.

Жамгыр эртеси таңында гана басаң тартты. Бирок дале шамал, туман.

Карып күзөттү тапшырды Бүт денеси жанчылып калгандай. Бели, эки тизеси, жоон саны уюйт. Ал кароолканага келип жаңы эле керебетине кыйшайган. Посттон чакыруу белгиси берилди. Карып ордунан атып туруп, сержант Комиссаровдун бөлмөсүн ачты.

— Экинчи посттон чакырып жатат,— деди сержант.— Думбадзе экөөңөр барып карап келгиле.

— Жарайт, жолдош сержант!

Карып менен Думбазде автоматтарын шапа-шупа асынып, экинчи постко чуркап келишти. Келишти да тан калышты. Анткени он чакты кой жаандан шөмтүрөп, бири-бирине ыктап, зым тосмого кептелип турушкан экен. Кароол Карыптарды ошон үчүн чакырыптыр.

Булар кайдан келген?—Думбадзе элтейди.— Кимдики?

Карыптын көз алдына кара төөчөн койчу элестеди. «Ошонуку болуп жүрбөсүн?» Заматта ушул ой мээсине тык этти.

— Ха-а! — Думбадзе капкара мурутун жанып-жанып, адатынча тамашалап кирди. — Мына, даяр шишкебек! Четинен сөксөөлдүн чогуна кактап жей беребиз! Кандай дейсиң, Карып?

— Сержант Комиссаровго айтыш керек, — деди Карып.

Койлордун кабарын уккан жоокерлер кароолканадан чуркап келишип, дуулдап калышты:

— Оо! Мына эт!

— Бычак камда, Думбадзе!

— Семизинен тандагыла,ой!

— Токтоткула! — Комиссаров жоокерлерди зекип койду. — Чөлдөгү чөөлөрдөй ажылдайсыңар да! Ачка жүрөсүңөрбү? Андан көрө булар кимдики болду экен?

— Казак айылынан,— деди Карып.— Бөлөк кайдан болмок эле?

— Бул жерге кандайча келип калышты экен?

— Кечээги туманда бөлүнүп калган да,— деди Карып. — Койлор жамгыр, шамал ыгына карап шатырап кете берет.

— Анда Думбадзе экөөңөр айдап барып бергиле. Айтып коёюн, бирөөнү да жоготпой, түгөл жеткиргиле. Эки саат убакыт берсем жетеби?

— Жетет жолдош сержант!

— Анда жөнөгүлө! Айылга айдап барып, аман-эсен ээсинин колуна тапшыргыла!

Карып менен Думбадзе плащ-шинелдерин кийишип, автоматтарын таштады да колдоруна таяк алып койлорду айдап жөнөштү.

Дале шамал. Туман көтөрүлүп, улам талаа ачылып, тээ алда кайдан бери көрүнүп баратты. Кум суу. Өтүктөр кончуна чейин батат. Койлор да кумга тыгылып туяктарын зорго суурушат. Денелери титиреп, тыякбыякка ойт беришет. Таң атканча жамгырда калып үркөн койлор коркуп калышыптыр, элтендешет.

Карыптар кум кечип, айыл тарапка койлорду айдап кетип бара жатышты.

— Чойт! Каякка келес?!

— Ылдам, ылдам!— Думбадзе бакылдайт.— Карышкырларга жолукпай калганыңарга тобо дегиле. Болбосо азыр бириңердин кекиртегиңер, бириңердин куйругуңар жулунуп, кызыл-ала болуп жатмаксыңар!

Койлор туш-тушка качат. Эки жоокер кончуна чейин кумга батып, жүгүрүп жүрүшүп кызыл буу болуп чыгышты.

Алар айылдын четине келишкенде эле күрсүйгөн дөбөттөр тосуп чыгышты. Бир экөө болсо эмне, беш-алтоо, Чакан айылдын иттери чуу түштү. Арсылдап, качырып келип этек-жеңди үзүп кетчүдөй болот.

— Кет! Кет дейм! Кап, автоматым болгондо мына бул сарынын чекесин оё атат элем!

— Кантет! Ит өстүрүүчү совхоз барбы ой бул жерде, кет!

Уу-чуудан улам арытан тегерек сакал, мурутчан бакжайган адам чуркап келди. Ал эки жоокерди, он чакты койду, иттерди көргөндө таң кала түштү. Андан соң койлорду тааныды окшойт, сүйүнгөндөн алаканын шак урду:

— Ой-баай! Бу Сарсендин койлору гой! О,жаагың сыңгыр кет Кет!

Иттер анын үнүнөн улам оолак боло бериштн.

— Кайдан таптыңар? — деди бакжайган киши.

Карып болгон ишти айтып бергенде алиги бакжайган киши бакылдап коё берди:

— Бу Сарсендин койлору! Ал кургур үйүндө мүкүрөп отурат. Раушан болсо түндөтөн бери жок издеп жүрөт. Айдагыла сарайга!

Карып дүрбү менен көрчү алиги ак сарайга койлорду айдап келиштн. Бакжайган адам туура жактагы жыгач үйгө барбаландап чуркап кетти. Кыйкырып да бара жатат:

— Сүйүнчү! Сүйүнчү! Койлоруң табылды Сарсен! Эки жоокер айдап келди.

Жыгач үйдөн адегенде абышка, анын артынан бүжүңдөгөн кемпир чыкты. Сүйүнгөндөрүн айтпа. Жөжөлүү тоокторчо койлорго үйрүлүп ак сарайга киргизишти.

——Түгөл! — Абышканын кубанганынан башы калт-калт этет. — Түгөл! Бу кудайымдын бергени! Менин пейилим ак, кемпир! Пейилим ак, көрдүңбү?

— Кудайга шүгүр, Кудайга шүгүр!

Кемпир ушул сөзүн он чакты ирет кайталап жиберди. Алар бир топтон кийин гана эстерине келишкендей эки жоокерге кайрылышты:

— Ракмат чырактарым! Ракмат! Узун өмүрлүү болгула!

Чал-кемпир эки жоокерди алкады. Болбой жатып үйүнө алып кириштн. Карып менен Думбадзе өтүктөрүн бо-

согого чечип, шинелдерин илди да темир мештин табына жакын отурушту.

Карып үй ичине көз салды. Сыртынан көзгө комсоо көрүнгөн бул жыгач үйдүн ичи жакшынакай экен. Ички үйдүн эшиги ачык. Анын төрүндө туш кийиз тартылган. Туш кийиздин так ортосунда жаш кыздын чоңойтулган сүрөтү илинүү турат. Чачын бир өрүп артына таштап койгон. Бакыракай көздүү. Сүрөттүн эки жагында туш кийизди улай түлкүнүн, карсактын, карышкырдын териси илинген. Арыта жейрен сап кооз камчы. Түлкү ичиктин жакасы булаят. Төрдө шырдак, оймосу кооз. Кичинекей стол үстүндө телевизор коюлган. Бурчка кыжымы жууркандар жыйылган. Үй ичи иреттүү, таза. Оозгу үйдө Карыптар жылынып отурган темир меш. Улагада сөксөөл. Идиш койчу текче, босогонун оң жагында кош ооз.

Кемпир үкөк ачып андан курут, май, түркүн момпосуй, нан алып чыкты. Койдун муздак эти алдыга коюлду. Гүлдүү ак чайнектен чай куюлду. Эки жоокер темир мештин табынан улам албырып чыкты.

Абышка эми гана салмактуу тартып, меймандарын алмак-салмак көз салып, сурады.

— Кайдансың балам, улутуң кайсы?

— Кыргызмын ата.

— Дурус,— абышка эми Думбадзеге карады. — Сенчи уулум?

Думбадзе түшүнбөй Карыпка карады.

— Бул Грузиядан ата,— деди Карып. — Грузин болот.

— Дурус,— деп койду чал.— Оо, мен да жоокер болгомун! Далай от кечкемин! Москваны коргошком. Тамак ас кемпир, бүгүн булар биздин кутмандуу коногубуз болот.

— Ракмат,— Карып баш чайкады. — Убара болбонуз, биз шашылышпыз. Убактыбыз жок.

— Оо, жок! — Думбадзе да балдырады. — Болбойт

ата, командир күтүп жатат. Аскердик тартипти билесизби, ар минут саналуу.

— Шашылыш болсоңор айла канча, — деди чал.— Анда чай ичкиле, чырактарым.

Аңгыча эшик ачылды да малма-чөлмө суу болгон, алиги Карып күндө көрчү койчу жигит кирип келбеспи. Карыптын колунан чынысы ыргып кете жаздады. Анын бет алдында койчу «жигит» эмес эле күлмүндөп, алиги төрдөгү сүрөттөгү кыз турган эле!

Саламатсыздарбы? — деди кыз шыңгыр үнү менен жылмайып.

Кемпир кызга үйрүлө түштү:

— Чырагым, каякка чейин барып келдиң? Кудай берди карагым, койлорду эки жоокер айдап келип берди!

— Уктум,— деди кыз дагы эле жылмайган кылыбынча. — Сүйүнчүлөштү. Барбаган жерим калган жок. Ак-Тоо, Такыр талаага чейин барып келдим.

— Ой-бай! — Чал башын чайкады. — Көрбөгөнүң калбаптыр го!

Кыз тонун, суу болгон өтүгүн чечти да эки бетинин отун алаканы менен баскылап ички үйгө кирип кетти.

Карып менен Думбадзе делдейди да калды.

— Бу менин кызым Раушан,— деди чал. — Кудай таалам мага уулду ыраа көрбөптүр. Бирок кудайга шүгүр, уучум куру эмес, Раушаным бар. Совхоздун коюн багат, биз кемпир экөөбүз жармакташып эл катары оокат кылып келебиз. Кудайга шүгүр.

Ички үйдөн Раушан чыкты. Суу болгон кийимдерин алмаштырган экен. Көпкөк спорт формачан. Нымдалышкан чачын жалтырата тартып, бир таштап коюптур. Үй ичи жаз жыттана түшкөнсүдү.

Раушан дасторкондун четине чөк түшө отуруп, эки жоокерге жылмайды:

Рахмат сиздерге,— деди ал алиги шыңгыр үнү менен. — Жакшылыгыңыздарды унутпаймын.

— Эч нерсе эмес,— деди Карып. — Биздин ордубузда ким деле болсо ошонтмек, эч нерсе эмес.

— Кымыз куй балдарыма,— деди чал Раушанга. Раушан лып тура калып, арыта турган жыгач челекти чалды. Эки чоң кесеге толтура кымыз куюп, жоокерлерге сунду.

— Жаз боло элек жатса бул эмне болгон кымыз?— деди Карып.

— Төөнүн кымызы, муну казактар шуват дейт.

— Төөнүн?

— Ооба.

— Бул эмне? — Думбадзе Карыпты карады. Карып түшүндүргөн соң күлүмсүрөп мурутун сылады:

— Байкайбыз азыр.

— Биздин жер катаал,— деди чал жай сүйлөп.— Кой, эшек, уй, төөдөн бөлөк мал кармай албайбыз. Жылкы баласы бул жерге чыдай албайт. Суу каат. Бирок жакындан бери өкмөт бул жерден суу чыгарып берди. Кана ичкиле.

Карыптар төө кымызды сонуркап ичишти. Думбадзе күлүп мурутун жанат:

— Ичти бузбайбы?

— Аны убактысында көрөбүз да.

Раушан болсо күлүмсүрөп эки жоокерди алмак-салмак тиктеп, анда-санда алардын суу шинелин, кончуна чейин ылай өтүктөрүн карап коёт. Андан соң погондоруна, эмблемаларына, жалтыраган кур, топчуларына сонуркайт.

— Биздин жер сонун,— деди Карып жөндөн жөн эле. — Тоо, арча, кайың, көк шибер, талааларында арпабуудай, коон-дарбыз өсөт. Аба ырайы да жакшы, мындай шамал болбойт,сонун.

— Бизде чача деген винобуз бар. Укмуш, бир стакан ичкенде чалкандан түшөсүң,— деди Думбадзе да куру калбай.

— Түшүнөм балдарым,—чал саал жылмайып койду,—

Ар кимге өз туулган жери асыл, кымбат, киндик кан тамган жер ыйык. Айтпадымбы мен дагы жоокер болгомун деп. Москваны коргошком. Окопто жатканымда ушул ата-бабам мекендеген жер, ушул алтын кумум, какыраган боз талаам көздөн уччу эле чиркин! Акыры бир ууч топурак буюрду туулган жеримдин. Жеңиш менен кайттым. Эл менен жерди сүйүү керек. Ошондо жүрөгүңө жакын сезилет. Кайсы жердин ачуу таттуусун көп тартсаң, кайсы жерден жакшына тилек тапсаң ошол жер сага кымбат, сүйкүм. Азыр да ошол сыз, суу, от, кан толгон окоптор көз алдымда. Атааң көрү, кээде ошол жерди барып көргүм келет... Курган жүрөктүн жарымы калганбы ошол жерде... Самайт кээде.

Абышканы ой басып кетти. Үй ичи дымырай түштү.

— Биз кайтсак ата,— Карып саатын карады.

— А мейли,— чал уйкудан ойгонгондой түйшөлө түштү. Андан соң жер таянып жатып турду да, калдандап ички үйүнө кирип кетти. Раушан жоокерлердин шинелдерин алып берип кийгизишти. Көздөрү дагы эле жоокердик кийимдерди кызыга карайт. «Бу эмне мынчалык тиктейт бизди? Же жоокерлерди жакындан көргөнү ушулбу?» Карып ичинен ушинтип ойлонду.

Абышка ички үйдөн колуна домбура кармап чыкты.

— Балам,— деди ал Карыпка. — Мен да жоокер болгом деп айтып отурам го. Жоокерлер ырды сүйүшөт. Ырдап-бийлеп көңүл ачышат. көңүлүндө тууган жерин аралашат. Домбураны белекке беремин, чертип ырдай жүр, казак талаасынан бир абышка берди эле деп эстей жүр.

— Рахмат ата,— Карып домбураны чертмек түгүл колуна биринчи жолу кармап отурса да лам дебей алды. Абышка Думбадзеге күлүмсүрөй карады да белиндеги кооз кестикти чечти:

— Ме уулум,мурутуң балтанын сабындай экен, кырына жүр, кырынган сайын мени эсте. Курч, мен дайыма чачымды алдырчумун.

— Рахмат,— деди Думбадзе барбаланданып.

— Балдарга ак төөнү комдо,— деди чал Раушанга.— Ылдам жетип алышсын. Сен жеткирип кайт.

— Баары дабырап сыртка чыгышты. Шамал басаң тартып, туман ачылып кетиптир. Рушан арытан ак төөнү комдоп, жетелеп келди да чөктүрдү.

— Төө менен кетебизби? — Думбадзе таң калды.

— Ооба.

— Өмүрү минген эмесмин, кандай болот ыя?

— Азыр көрөбүз да.

Раушан кадимки кара төөсүнө, беркилер ак төөгө миништи. Думбадзе Карыпты сыга кучактап алды.

— Акырын! — Карып толгонот.—Өпкө-боорумду капшырасың!

— Жай бастыр ээ? — Думбадзе шыбырайт.

Жоокерлер кемпир чал менен коштошуп, кароолканаңы көздөй бет алышты. Раушан кара төөгө нык отуруп, желдирип жөнөдү. Карып оор өтүктөрү менен төөнү капталга ургулап коёт. Ак төө желе баштады. Үстү жумшак экен. Карып муну биринчи ирет сезди. Кээ бир аттардын желгенин жаман көрчү. «Төөчө желет» деп жактырчу эмес. Мына төө үстүндө бара жатат. Акырын гана чайпалат. Дүйнө термелгенсийт. Тептегиз кум үстүндө арбайган-арбайган төө издери калат.

— Ылдам! — Думбадзе эми желпине баштады.— Ылдам Карып, чапчы!

— Ала качып кетет!

— Мейли, чапчы!

Карыптын ичи саал эңшерилгендей. Ушул төөнүн үстүндөгү сапар түгөнбөсө экен деп тиледи. Раушанга көз кыйыгын салат. Ал кара төөсүн ыкчамдатып баратат, күлүп коёт эки жоокерди карап. Кээде төөлөр жаңаша түшөт. Кыз илеби урат. Карып бушайман. Сөз баштоого кумар. Төөлөр текирең-таскакка өттү.

Думбадзе түйшөлөт:

— Акырынчы бай болгур, жанагыдай эле желдирчи,

ичеги-кардым аралашып калды окшойт. Жанагы сүтпү деп калдым, эртерээк жетеличи деги...

Алар шаңырап кароолканага бат эле кирип келишти. Думбазде Раушан менен кош айтышып басып кетти.

Карып кызды жалоору карады:

— Раушан, эми кайтасызбы?

— Ооба.

— Сиз койлоруңузду дайым бизге жакын жайып туруңузчу,— деди Карып кыйналып жатып.

— Эмне үчүн?

— Мен ушул жерде болом такай. Бош убакыт боло калганда жолугуп турсак кантет?

Раушандын кашы серпилип, кирпиктери ирмеле түштү. Жүзүндө тан калуунун белгиси турду.

— Эмне үчүн жолугушмакпыз? — деди кыз шыңгыр үнү менен назик гана.

— Мен сизди күн сайын дүрбү менен көрүп жүрөм...

Карып кызарып, сөзүнүн аягына чейин айта албады. Раушан улутунду. Акырын төөсүн чөктүрүп жерге түштү. Ак төөнүн буйласын кара төөгө байлады да, Карыпка тигилди.

— Кечириңиз,— деди Раушан капкара көздөрүн нымшый түшкөн Карыптын иреңинен албай. — Менин сизге окшогон жоокер, эң ысык күткөн адамым бар. Ушул деңиз жээгинен коштошконбуз... Кыялымда кымбат адамым менен бирге жүргөн жерлеримди кыдырам,— деди Раушан андан ары. — Анын ырдаган ырларын көңүлүмдө миң ирет кайталаймын. Мына ушул жаратылышты он эсе сулуу көрсөткөн менин алыстагы жоокеримдин деми. Ак куулар учуп өтсө салам айтып жиберем ага. Кайтып келсе жоп күтөм.

Карып тил катпады.

Раушан сылык кош айтышты да ак төөнү коштоп жүрүп кетти.

Эртеси Карып кайрадан постко чыкты. Демейдеги көзгө суз чакан айыл не бир укмуш, не бир татына көрүн-

дү. Раушанды издеди айыл арасынан. Жүрөгүн Раушандын айылы оп тартып бара жаткансыды. «Чөлдө эмненин жашоосу? Кайсы жакшылык бар дейсиң?» деген сөзүн бу жолу ал даап айта алган жок.

МАЗМУНУ

ЖОЛ 3
АК МОНЧОК 19
ЧӨЛ КЫЗЫ 30

Батырбашев Рысбек

ЖЕМЧУЖИНА

Рассказы

Для молодежи

(На киргизском языке)

Издательство «Мектеп»

Редактору А. Кулматова
Сүрөт редактору А. Байбөрүев
Техн. редактору В. И. Комерова
Корректору Ш. Мендешева

ИБ № 1574

Терүүгө 15. 04. 1980-ж. берилди. Басууга 15. 07. 1980-ж. кол коюлду. Д—02592. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 70x108 1/32. Адабий арибн. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 1,375 физ. басма табак. 1,92 шарттуу басма табак. 1,85 учеттук басма табак. Нускасы 2000. Заказ № 1397. Баасы 10 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси. Кыргыз ССР Министрлер Советинин басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети.
720616, ГСП, Фрунзе шаары, Караганды көчөсү, 72.

10 т.

